**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министрлиги**

**Ош мамлекеттик университетинин**
**Өзгөн эл аралык медициналык**
**колледжи**




# Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин №8 жыйыны

*(17-апрель 2021-жыл)*

## КҮН ТАРТИБИ:

1 **Жалпы кесиптик дисциплиналар циклынын иш аракеттерин, окутуучулардын иш кагаздарын текшерүүнүн жыйынтыгы.**
**(***Станбаев Ө.Т., Сулайманова Г.А. Кошатова Г.Т.)*

2 **Мамлекеттик аттестациялардын комиссия курамдарын жана экзамендик суроолорду, билеттерди бекитүү.**
*(Сулайманова Г.А.)*

3 **Ар түркүн маселелер.**
- ӨЭАМКдеги чарбалык иштер, жазгы ишембиликтердин жыйынтыгы. *(АЧБнүн башчысы И.А.Муратов,Э.С.Каримбаев)*
- Студенттердин сабакка катышуусу. Мониторинг. *(М.Айдаар уулу, А.Кадырова)*

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Гимни

**Слова:** Ж.Садыков, Ш.Кулуев
**Музыка:** Н.Давлесов, К.Молдобасанов

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар!

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салттын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

**ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2021-жылдын 17-апрелдеги №8 жыйынында Жалпы кесиптик дисциплиналар циклынын иш аракеттерин, окутуучулардын иш кагаздарын текшерүүнүн жыйынтыгы маселесине карата**

**Ршщд**

**Жогорууда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Маалымат эске алынсын.
2. ЖКД циклынын иш аракеттери канааттандырарлык деп табылсын.
3. Көрсөтүлгөн сунуштар жана кемчилдиктер 1-майга чейин жоюлсун.
4. Токтомдун аткарылышын козомолдоо ЦК төрайымы К.Т.Раевага жүктөлсүн.

**2. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2021-жылдын 17-апрелдеги №8 жыйынында Мамлекеттик аттестациялардын комиссия курамдарын жана экзамендик суроолорду, билеттерди бекитүү маселесине карата**

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча окуу иштер боюнча директордун орун басары, Акушердик иши адистигинин НКББПнын башчысы Г.А.Сулайманова Мамлекеттик аттестациялардын комиссия курамдары, экзамендик суроолор, билеттер жана бүтүрүүчүлөрдүн иш кагаздары боюнча маалымат берди. Маалыматта Мамлекттик Аттестациялоонун тесттери 2018-жылдагы окуу планынын негизинде бардык дисциплиналарды камтып, тестология эрежесин сактап түзүлүп, ПЦКнын усулдук кеңештеринде бир нече ирээт каралып, ар бир тесттин сапаты, мааниси жана анын адистикке багыттап түзүлгөнү текшерилген. Мамлекеттик аттестациялоонун тесттери ОшМУнун Сапат департаментине жана ОИД менен макулдашып, бекитүүгө сунуштайбыз.

Акушердик иши адистиги боюнча жалпы тест иштелип чыккан матрицанын негизинде 250 суроодон туруп, анын 56 суроо эстеп калууга (запоминание), 99 суроо түшүнүүгө (понимание), 95 суроо колдонууга (применение) багытталган. Ал эми ар бир студентке 250 суроодон 50 суроо келип, 11 суроо эстеп калууга (запоминание), 20 суроо түшүнүүгө (понимание), 19 суроо колдонууга (применение) туура келе тургандай пландоону сунуштайм.

Сөзгө чыкты: Медициналык айым иши адистигинин НКББПнын башчысы, окутуучу Р.М.Жолдошбаева 250 суроо келип, 63 суроо эстеп калууга (запоминание), 100 суроо түшүнүүгө (понимание), 87 суроо колдонууга (применение) багытталган. Ал эми ар бир студентке 250 суроодон 50 суроо келип, 13 суроо эстеп калууга (запоминание), 20 суроо түшүнүүгө (понимание), 17 суроо колдонууга (применение) туура келе тургандай пландоону сунуштайм.

Сөзгө чыкты: Фармация адистигинин НКББПнын башчысы, окутуучу З.Н.Жаанбаева 250 суроо келип, 72 суроо эстеп калууга (запоминание), 98 суроо түшүнүүгө (понимание), 80 суроо колдонууга (применение) багытталган. Ал эми ар бир студентке 250 суроодон 50 суроо келип, 14 суроо эстеп калууга (запоминание), 20 суроо түшүнүүгө (понимание), 16 суроо колдонууга (применение) туура келе тургандай пландоону сунуштайм.

Сөзгө чыкты: ӨЭАМКнин бөлүм башчысы – М.А.Мамаджанов МАнын теориялык бөлүгү AVN ИС аркылуу жүргүзүлөт. Адистиктерге ар түрдүү санда суроолорду бербей бардык адистиктерге бирдей келетурган кылып түзүш керек. Мисалы: 10 суроо эстеп калууга

(запоминание), 20 суроо түшүнүүгө (понимание), 20 суроо колдонууга (применение), жалпы 50 суроо студенттерге берилип тапшыруу убактысын 120 минут, ал эми ар бир суроого 2 балл берсе 100 балл менен пландоону сунуштайм. Себеби "Эстеп калууга" (запоминание) түзүлгөн тесттер гуманитардык сабактардан куралган. "Колдонууга" (применение) түзүлгөн тесттер кесиптик сабактардан куралган. Ошондо 3t_50v_(10_20_20)_100b_120min деп траектория түзүлөт.

Отурумдун катышуучулары бөлүм башчынын сунушун бир добуштан жактырышты.

**Жогорууда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Сунуштар эске алынсын.
2. МАнын тесттери жана билеттери ОшМУнун сапат департаменти, ОИД менен макулдашууга жана бекитүүгө сунушталсын.
3. Баардык адистиктердин бүтүрүүчүлөрү үчүн МАнын теориялык бөлүгүндө келүүчү тест 50 суроо берилсин, анын 10 суроосу эстеп калууга (запоминание), 20 суроосу түшүнүүгө (понимание), 20 суроосу колдонууга (применение) бөлүнсүн. Тапшыруу убактысын 120 минут, ал эми ар бир суроого 2 балл берилип, жалпы 100 балл менен баалансын. Башкача айтканда 3t_50v_(10_20_20)_100b_120min деп траектория түзүлсүн.

**ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2021-жылдын 17-апрелдеги №8 жыйынында ар түркүн маселеде**

ӨЭАМКдеги чарбалык иштер, жазгы ишембиликтердин жыйынтыгы, студенттердин сабакка катышуусу. Мониторинг.

**Жогорууда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

**Педагогикалык кеңештин төрагасы:** **Станбаев Ө.Т.**

**Педагогикалык кеңештин катчы:** **Тойгелди кызы А.**